MINISTRY FOR FOREIGN AFFAIRS OF FINLAND

“Мейкин Европа: Борбордук Азияда, Түштүк Кавказда жана КМШнын батыш өлкөлөрүндө соодага көмөктөшүү” Программасы

UNDP

Empowered lives. Resilient nations.











# “ДАРЫ БАТКЕНА”:

## келечек бүгүнкү күндөн башталат

Бириккен Улуттар Уюмунун Өнүктүрүү Программасы (ПРООН) кризиске каршы туруга жөндөмдүү улуттарды түзүүгө жардам берүүдө, ошондой эле экономиканы башкарууда жана ар бир адамдын жашоо сапатын жакшырта ала тургандай экономикалык өсүштүн деңгээлин колдоо аркылуу коомдун бардык деңгээлинде адамдар менен тыгыз кызматташат.177 өлкөлөрдө жеринде болуу менен биз глобалдык келечекти сунуш кыла алабыз жана жаңы мүмкүнчүлүктөрдү түзүүгө жана жашоого жөндөмдүү улуттарды болтурууга жардам берүү үчүн жергиликтүү өзгөчөлүктөрдү терең түшүнүүгө жардам беребиз.

Бул жарыялоодо айтылган пикирлер Бириккен Улуттар Уюмунун Өнүктүрүү Программасынын (ПРООН), анын программалар/долбоорлорунун же өкмөтүнүн расмий позициясын чагылдырбайт. Колдонулган белгилөөлөр тигил же бул өлкөнүн, аймактын же райондун же алардын чек арасынын укуктук статусуна салыштырмалуу кандайдыр бир пикирди билдирбейт.

Бул жарыялоо ПРООНдун “Кеңейген Европа: Борбордук Азияда, Түштүк Кавказда жана КМШнын батыш өлкөлөрүндө соодага көмөктөшүү” долбоорунун каржылык колдоосунда орус жана кыргыз тилдеринде даярдалды жана жарыяланды.

Дарек: Баткен ш., 720100, Раззаков көч., 14
Тел.: +996 3622 5 03 81, +996 3622 5 05 43
e-mail: ti@batken.undp.kg
website: www.undp.kg



## Мазмуну


ЭЛДИК МАРКА 4 бет



АЛДЫГА ГАНА!.. 6 бет


БАТКЕН – ӨРҮК БЕЙИШИ 10 бет


БИЛИМ - КИРЕШЕ 14 бет


ТЕҢ УКУКТУУ БИЗНЕС 18 бет


КЕЛЕЧЕК ОРГАНИКАДА 22 бет


ЖАРНАМА СООДАНЫ ИЛГЕРИЛЕТЕТ 26 бет






# ЭЛДИК МАРКА








2011-жылы Кыргызстанда биринчи жолу «Дары Баткена» (кыргызча мааниси - «Баткендин тартуулары») соода маркасынын алдында тамак-аш азыктары пайда болду. Ошентип, баткен ишкерелеринин илгертеден келаткан – өздөрүнүн жеке бренди алдында базарга чыгуу кыялы жүзөгө ашты. Азыркы күнү “Баткендин тартуулары” соода маркасынын алдында продукцияларды өндүргөндөрдүн альянсына беш айыл чарба кооперативи жана үч жеке ишкерлер кирет.

Бириккен Улуттар Уюмунун Өнүктүрүү Программасы (ПРООН) элдик идеяны, анын ичинде жергиликтүү фермердик бирикмелердин соода-экспорттук дараметин өнүктүрүү жана алар өндүргөн жана кайра иштетишкен айыл чарба продукцияларынын чоң ассортиментин бириктирген соода брендин иштеп чыгууга өбөлгө болгон көп иш чараларды колдойт. Бул ПРООНдун “Кеңейген Европа: Борбордук Азияда, Түштүк Кавказда жана КМШнын батыш өлкөлөрүндө соодага көмөктөшүү” Программасын ишке ашыруу алкагында жасалган. Ошондой эле ПРООН соода брендин легалдаштыруу боюнча ишти уюштуруунун бардыгын өзүнө алган.



Бүгүн «Дары Баткена» - бул 20 түрдүү продукция. Бир эле баргек (данеги жок кургатылган өрүк) 15 ар кыл таңгак менен чыгарылат. Мындан сырткары ушул бренддин алдында айтылуу баткен күрүчү, төө буурчак, арахис, өрүк ширеси, 5 түрдүү варенье, 4 түрдүү компот чыгарылат. Баткен тамак-аш азык-түлүгү Бишкектин, Оштун, Кыргызстандын башка шаарларынын соода түйүндөрү жана супермаркеттери аркылуу сатылууда, ал турсун Россиянын дүкөндөрүнүн текчелеринде турат. Аларды сатып алуучулардын саны күн сайын арбып баратат, ал түшүнүктүү: «Дары Баткена» - бул табигый жана сапаттуу продукция.



Дары Баткена






# АЛДЫГА ГАНА!..






"Молдо Зикир" айыл чарба кооперативине үстүбүздөгү жылы туура төрт жыл болот. Көп жыл өз-өзүнчө фермердик чарбаларда иштешкенден кийин анын мүчөлөрү биргелешип иштөө чечимине келишти. Адегенде алар 15 эле. Бардыгы сыяктуу эле салт болуп калган ар кыл айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүү менен алек болушчу, Кудайга шүгүр, аба ырайы буга мүмкүндүк берет. Кадамжай районунун бул жеринде бардыгын – картошкадан тарта шабдалыга чейин өстүрсө болот. Бирок башкы сыймык – малина. Дал мына ушул нерсе көптөн бери кыял болуп келаткан айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү менен алектенүүнүн себеби болуп калды. Эң алгач кооператив түптөлгөндөн тарта...

Тегеректеги үч айыл: Пулгөн, Орозбеков, Кызыл-Булакты илгертеден эле адамдар малинанын "мекени" деп коюшчу. Аны май айынан тарта эле жыйнай башташып, дээрлик ноябрь айында бүтүрүшөт. Совет мезгилинде эле Бишкектен (ал кезде Фрунзе) адистер кадамжайлык малинанын жемишине биохимиялык баалоо жүргүзүшүп, эрип кетме кургак заттар, шекер, витаминдер жана ден соолук үчүн пайдалуу башка компененттер эң көп болгон экологиялык таза азык дешип, сапаттын эң мыкты белгисин коюшкан. Айтор, бул жердин касиетиндеби, же абасындабы, же суусундабы, мындай көрсөткүч менен малина өстүрүү түштүктүн эч бир жеринде кездешпейт. Үч айылда калктын саны 25 миңден ашык. Ар бир үйдө өздөрүнүн малина өстүргөн жери бар, болжол менен 500 га жерге малина тигилген. Сезон учурунда түшүм 200-300 тоннага жетет. Күн сайын үч айылдан орточо алганда 5 тоннадан ширелүү жемишти сатууга алып чыгышат! Кадамжайдын малинасы Баткенден Бишкекке чейинки базарларда сатылат. "Таттуу" бизнесте негизинен аялдар иштешет: алар малинаны өстүрүшөт, жыйнашат, сатышат. Мына ушул иш көбүнчө үй-бүлөлүк бюджеттин негизи болуп берет – энелер өздөрүнүн чарбасынан алынган түшүмдүн эсебинен балдарын тоюндурушат, кийиндиришет, окутушат.



Акыркы жылдарда өндүрүштүн көлөмү кыйла кыскарганын эске алган күндө да "кадамжай малинасынын мекенинин" чыныгы статистикасы ушундай: жаштар акча тапканы кетип жатышат, айрым үй-бүлөлөр бул назик өсүмдүктү сактоо машакаттуулугунан жана чектелүүлүгүнөн башка айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүүгө артыкчылык беришүүдө. Себеби иш жүзүндө сатуучу малинаны жакшы сапатта кардарга жеткире албай калган толгон себептер болушу мүмкүн. Албетте өзүнө экономикалык зыян тартуу менен.



Андан чыгуунун жолу бирөө – кайра иштетүүнү жолго коюу керек. Көрсө, "Молдо Зикир" кооперативинин кыялы көп кадамжайлыктардын да ой-тилеги экен. Чындыгын айтканда аны кантип ишке ашыруу керектигин эч кимиси билчү да эмес. Жалпыга маалымдоо каражаттары жардам берди, аларда ПРООНдун "Кеңейген Европа: Борбордук Азияда, Түштүк Кавказда жана КМШнын батыш өлкөлөрүндө соодага көмөктөшүү" программасы боюнча каржылоо үчүн

айыл чарба азыктарын кайра иштетүү боюнча долбоорлорду тандоо жөнүндө жарыя чыгып калбаспы. “Молдо Зикир” кооперативинин мөмөлөрдү жана жемиштерди кайра иштетүү боюнча цех түзүү жөнүндө долбоору жактырылып, ушул жылдан тарта аны ишке ашыруу боюнча иштер башталды...



Малина жеринин ортосунда жайгашкан Орозбеков айылында: имараты ээн, тегерек-чети каралбай, иштебей калган чайхана бар болчу. Жалгыз артыкчылыгы – бул чайхана чоң жолдун эле боюнда. Мына ушул имаратты кооперативдин мүчөлөрү жактырып калышты, өздөрүнүн күчү менен оңдошуп, суу жана жарык менен камсыз кылышты. Мына ушундан кийин гана ПРООНдун грантына сатып алынган жабдууларды: бышыруучу реактор, айнек идиштерин жуүй турган машина, банкаларды стерилдөөчү транспортер, капкак жапчу машина, идиш кабыл алуу үчүн эки үстөл, өнөр жай кол жуугучун киргизишти. 1 млн. 342 миң сом суммасында турган бардыгы бышык, дат баспай турган болоттон жасалган жабдуулар. “ПРООН берген жабдуулар сменде 1 тоннадан продукция чыгарууга эсептелген, - дейт кооперативдин төрагасы Исраил Үсөнов. – Бул жылы сынамык – 2000 банка варенье, джем, шире, компотторду чыгардык”. Мынчалык ассортименттин кеңири болушу өндүрүштүк линиянын универсалдуулугунда – өнөр жайлык негизде 15 аталыштан ашык продукцияларды чыгарууну камсыз кылууга жөндөмдүү. Келечекти болжоо менен алардын ар биринин этикеткасы дале ПРООНдун жардамы менен иштелип чыккан. Азыр цех 10 адамды жумуш менен камсыз кылды, алардын 6сы аялдар.



Кооперативдин жетекчилигинин жигердүүлүгүнө караганда цехтин келечеги кең болчудай. Негиздүү ыкма тандалды: мындан аркы иштердин беш жылдык планын иштеп чыгышты, эки жылда Кыргызстандын ички рыногунда өзүнүн ордун табууга, үч жылда өндүрүлгөн продукцияны чет өлкөлөрдө сатып-өткөрүү каналдарын жөнгө салууга жетишилет. Кардардын каалоосу боюнча эң көп ассортимент сунуш кылынат – бул жерде малинадан сырткары кулпунайдан, бүлдүркөндөн, өрүктөн, алчадан, кыямдан, кара өрүктөн, алмадан, айвадан жакшы түшүм алышат. Мындайча айтканда сырье издеп, алыс барбайсың. Бул жерде эксперт болуштун да зарылдыгы жок, кайсы гана кожойке болбосун кайра иштетүү үчүн эң жаңы сырьенун болушу өтө маанилүүлүү экенин айтат! Бүткүл ушул мөмө-жемиш байлыгын кайра иштетүү бардык технологиялык талаптарга жооп бериши үчүн кайра да ПРООНдун жардамы керек болду, окутуу семинарларында кооперативдин мүчөлөрү анын сырларын билип чыгышты. Ош технологиялык университетин “Айыл чарба продукцияларын өндүрүү жана кайра иштетүү” адистиги боюнча бүтүргөн 24 жаштагы Төрөбек Үсөновго жаңы билим артыкбаш болгон жок. Азыркы учурда Төрөбек – жаңы кооперативдик цехтин технологу.



“Биринчи жылда алган тажрыйба киреше алуу үчүн иши кандай уюштуруш керектигин көрсөттү, - дейт өзүнүн оюн бөлүшө өндүрүштүн башчысы Акматали Шамшиев. – Эми тээ кышта эле алда канча арзан баада идиштерди, капкактарды, этикеткаларды, шекерди даярдап алуу керектигин билебиз. Идиштерди сактоо үчүн, албетте Цельсий боюнча +2 +18 градус температура режими менен даяр продукция үчүн складдар керек”. Мындан сырткары цехтин ишин эл аралык стандарттарга шайкеш уюштуруу, автономдук электрожабдуу жүргүзүү зарылдыгы көрүнүп калды. Жалпысынан алганда иш арбын, бирок бул эч кимди чочулатпайт: жакшы мезгилге чейин бардыгы коомдук башталышта иштөөгө жана ал турсун ири сатып алуучу пайда болуп калса, өздөрүнүн чарбасынан түшүмдү сатууга берүүгө даяр. Анткени, цех – бул кооперативдин келечеги экенин сезип турушат.



Албетте, көйгөйлөр жок эмес. Ансыз кантип бизнес болсун?! “Өдүрүүдөн жана сатып өткөрүүдөн кыйналбайбыз. Башкы көйгөй – жүгүртмө каражаттын жоктугу, - дейт Акматали Шамшиев. – Анткени, биздин продукцияны ноябрь-декабрда сурай башташат, а кайра иштетүүгө сырьену майдан баштап сатып алуу керек. Кийинки сезонго даярдаыш үчүн үстөгү төмөн насыя издөөнү ойлонуп жатабыз”.

Кооперативдин мүчөлөрү буга катарлаш эле өздөрүнүн мүмкүн болчу ички резервдерин мобилизациялоо жолун ойлонушууда: сарамжал башкаруу ситемасын киргизүү, өндүрүш процесстерин оптималдаштыруу, бермел сатык (орусча айтканда - давальческий) негизинде сатууга сырьелорду кабыл алууну уюштуруу ж.б. Калкка кызмат көрсөтүү сыяктуу иштеп табуунун жолу болушу ыктымал. Өзүнүн чарбасынан түшүмдү сатуу жана кайра иштетүү менен алектенгиси келбеген үй-бүлөлөр; жаштары иштеп акча табуу үчүн кетип калышкан жана үйдө карылар менен балдар гана калышкан үй-бүлөлөр бар. Кошумча акы төлөшсө, кооперативдин цехи алардын түшүмүн кайра иштетип беришет. Муну менен бирге “Молдо Зикирде” бир мекенчилдик максат бар – экологиялык таза продукцияны өндүрүүгө калкты шыктоо. “Дүйнөдө малинанын 150 сорту бар. Бизде алардын болгону 7-8и өстүрүлөт. Эмне үчүн бизге колдо болгондорунун сортторунун санын көбөйтүүгө жана сапатын жогорулатууга болбосун?! Бул жаатта Крымда жакшы тажрыйба бар деп айтышат. Аны менен таанышсак, жакшы болмок”, - кооперативдин төрагасы алдыртан кыялданат. Кыял ишке ашат деп коюшат эмеспи...



Кооперативдин келечеги кандай болмокчу: “Молдо Зикирде” анын иши кооперативдин мүчөлөрүнүн гана эмес, кадамжайлыктардын көбүнүн жашоо жыргалчылыгын жогорулатууга жардам берет деп ишенишет. Анда эмесе – алдыга гана!..


## «Молдо Зикир»

**Айыл чарба кооперативи**

**Дареги: Баткен облусу,**
**Кадамжай району,**
**Орозбеков айылы, Учкун участогу**
**Тел.: +996 (3655) 61094, +996 (773) 391860,**
**+996 (773) 805316**
**E-mail: akmatali.72@mail.ru**





# БАТКЕН - ӨРҮК БЕЙИШИ









Баткен өзүнүн өрүгү менен дайыма даңкталып келген. Бөтөнчө климаттык шарт бул жерде даамдуу гана эмес, ошондой эле пайдалуу азыкты өстүрүүгө мүкүндүк берет. Илгертен бери ал – айтылуу "баткен" өрүгү жергиликтүү фермерлердин иштеп тапканынын негизги булагы болуп саналган эң биринчи өсүмдүк болуп келген.

Ошого карабастан баткендик багбандар жагымсыз мезгилди да баштан өткөрүштү – Союз тарагандан кийин облустун ирригациялык системасы бузула баштады, сугат суусунун жетишсиздигинин кесепетинен көп дарактарды балталап кыюуга туура келди. Бирок бул мезгил артта калды жана Баткендеги багбанчылыкургалдуу өнүгүүдө: башка айыл чарба өсүмдүктөрүнө берилген жерлер тармакка кайтарылып берилүүдө, каралбай калган бактар кайра жаралууда, эски дарактардын ордуна жаш көчөттөр отургузулууда...Түшүмдүн көбөйүшү менен мол жыйнала баштаган түшүмдү кайра иштетүү көйгөйү улам барган сайын өтө курчуп жатканы толук түшүнүктүү. Ага жараша адистешкен цехтерди түзүү маселелеси да тез-тез көтөрүлүүдө. Азырынча жагдай ушундай болуп турган чакта, баткен өрүгү башка өлкөлөр аркылуу дүйнөгө тарап жатат. Мисалга алсак, Баткендин багбандарынын продукциясын салттуу түрдө тажик ишкерлери Россия менен Казакстанга кайра экспорттоп жатышат, аларда кургак жемиштерди коюу жаатында илгертен бекем байланыш калыптанып калган.

"Бир жагынан алганда мындай абал бизге сатуу маселелерин чечүүгө жардам берет. Бирок башка жагынан алганда өзүбүздүн продукцияны өзүбүз базарга алып чыгууну аябай каалайбыз, - дейт "Баткен жемиши" айыл чарба кооперативинин башкармалыгынын мүчөсү Сайдахан Садырбекова. – Көп адамдар муну абдан каалашат. Кургак жемиштерди кайра иштетүүгө ылайыкташтырылган цехти түзүү боюнча долбоор жазуу менен биз алардын эркин гана аткарып жатабыз". Иш жүзүндө дасыккан фермер Садырбекованын сөзүн бери эле болгондо 200 киши – кооперативдин мүчөлөрү колдошот. Ачыгын айтканда кооператив ушул максатта түзүлгөн, анткени ал өзүнүн ишмердигинде негизги багыты кылып кургак жемиштерди өндүрүү жана кайра иштетүүнү тандап алган. Ад эми сырье Баткен облусунун бул аймагында жетишерлик – жер өрүктүн, алманын, жүзүмдүн, кара өрүктүн бай түшүмүн берет.

Донорду тез табышты. Ал Люксембургдун Өкмөтү болуп калды, ПРООНдун "Кеңейген Европа: Борбордук Азиянын, Түштүк Кавказдын жана КМШнын батыш өлкөлөрүнүн соодасына көмөктөшүү" программасы

аркылуу жуу, кургатуу, сорттоо жана өрүктөрдү өлчөө боюнча өндүрүштүк линияны сатып алууну каржылады. Бардыгы 2 млн. 518 миң сом суммасына түркиялык өндүрүштүн ишенимдүү жабдууларын сатып алышты. Аны Баткенге алып келерден мурда кооперативдин мүчөлөрү өздөрүнүн каражатынын эсебинен цехтин имаратын курушту, ага электр жарыгын жана сууну алып киришти, таңгактоочу идиштерди жана этикеткаларды жасоочу өндүрүүчүлөрдү табышты.



Базарга баягы белгилүү «Дары Баткена» соода маркасы менен чыгууну чечишти. Бул бир жагынан өндүрүлгөн продукцияны сатып-өткөрүү каналдарын табууну кыйла жеңилдетсе, экинчи жагынан анын сапатына карата кошумча жоопкерчиликти артты – анткени «Дары Баткена» бренди эчак эле чыныгы сапаттуу азыктарга ыйгарылган символ катары өзүн тааныткан.



Ошентип, быйылкы жылы иштей баштаган “Баткен жемиши” кооперативинин цехи анын мүчөлөрүнүн ою боюнча аларга өздүк продукциянын ассортиментин көбөйтүүгө жардам берет, анын сапатын жакшыртууга жана жогорку баада сатып өткөрүүгө өбөлгө болушу шарт. Технологиялык линиянын өндүрүмдүүлүгү – сменасына – 5 тонна. Азырынча цех тесттик режимде – заказдын келип түшүшүнө жараша иштеп жатат. Ушундай режимде да жумасына бул жерде 2 тонна продукция кайра иштетилет. “Айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү боюнча башка ишканалардан айырмаланып, биздин цех жыл бою иштей алат, анткени сырье калкта дайыма бар, себеби кургатылган өрүк сакталат жана өзүнүн пайдалуу сапатын 2-3 жыл бою жоготпойт”, - дейт Айымгүл Токтомушева. ПРООНдун колдоосу “Баткен жемишинин” экономикалык туруктуулугун гана жогорулатпастан, ошондой эле уюм үчүн 30 жаңы жумуш ордун түзүүгө мүмкүндүк бергени өтө маанилүү факт. Айымгүл Токтомушева да жаңы адистердин катарына кирет. Бул өрүк өстүрүү жана кургатуунун түрк технологиясы боюнча окуудан өтүшкөн цех үчүн сырье коюучу дараметтүү дээрлик жүздөгөн фермерерден сырткары. Баса, бул тренингдер үчүн атайын усулдук брошюра чыгарылган.



Бирок дагы бир көздөгөн максат бар, ага жетүүгө кооператив цехиндеги жолго коюлган иш өбөлгө болмокчу. Бул баткен кургак жемиштерин Казакстан жана Россиянын базарларына эми кыргызстандык өндүрүүчүлөрдүн бренди менен чыгаруу. “Азырынча товарларыбыз кутуда даярдалууда. Бирок планыбызда 1-0,5 кг.дан таңгактоо бар”, - дейт өндүрүштүн башчысы Абдрашит Сураничиев өндүрүштүк пландары менен бөлүшө. Айтмакчы, майдалап таңгактоо ошондой эле Бишкектин, Оштун, Кыргызстандын башка шаарларынын супермаркеттерине киргизүү үчүн керек. Бул тема кооперативдин чогулуштарында нечен жолу талкууланган, андыктан жакынкы убакта сатып-өткөрүүгө байланыштуу бир катар милдеттер коюлган. Бул экспорттун көлөмүн көбөйтүүгө мүмкүндүк берерин билишип, стандарттоо жана тамак-аш коопсуздугу системасын киргизүү үчүн сунуштарды иштеп чыгышты. Бул ишти эксперттик жана техникалык колдоону да ПРООН камсыз кылган.



“Баткен жемиши” продукциясы салынган ар бир кутуда сатып алуучулар үчүн кеңири маалымат камтылган: өндүрүүчүнүн дареги, товардын органикалык жана химиялык маңызы. Цехке кайра иштетүүгө келип түшкөн продукциянын ар бир партиясы дыкат анализден өтөт – сапат билдирилген «Дары Баткена» соода маркасына төп келиши керек.

Баса, Кыргызстанда ал жетишерлик белгилүү. Ата мекендик дистрибьюторлордун аракети менен аны дээрлик бардык ири дүкөндөрдөн жана базарлардан көрүүгө болот. Эми кыргыз диаспоралары аркылуу баткен продуктулары жөнүндө маалымат өлкөнүн чегинен тышкары тарай баштады. Ийгиликти бекемдеп калуу керек, андыктан ушул маркага биригишкен баткендик ишкерлердин планы бар – Россиянын шаарларында өздөрүнүн соода өкүлчүлүгүн ачуу, соода кызыкчылыгынын көз карашынан алып караганда бул өзүнө тартат. Мындан сырткары бул күндөрү “Баткен жемиши” кооперативинин мүчөлөрү дагы эле ПРООНдун колдоосу менен Казакстан жана Россиянын бүтүндөй бир катар соода көргөзмөлөрүндө өзүнүн продукциясын көрсөткөнгө жигердүү даярданышууда – дараметтүү кардарларды тартуу үчүн кенедей да мүмкүнчүлүктү колдон чыгарган жарабайт! Бүгүнкү күнү бул идея Мичуринск жашылча-жемиш институтунун бүтүрүүчүсү, чарбалык жана административдик иште чоң тажрыйбага ээ агроном, “Баткен жемиши” айыл чарба кооперативинин башкармалыгынын төрагасы Абдипатта Матаев үчүн эң эле башкысы. Жалгыз гана ал эмес, ошондой эле өздөрүнүн кичи мекенин өрүк бейиши деп эсептешкен кооперативдин бардык мүчөлөрүнүкү да! А алар бүгүнкү күнү эки жүздөн ашык адам...




**«Баткен жемиши»**

**Айыл чарба кооперативи**

**Дареги: Баткен облусу,**
**Баткен району, Жаңы-Жер айылы**
**Тел.: +996 (772) 414637, +996 (552) 414637,**
**+996 (773) 462618**
**E-mail: Ras-bat@mail.ru**





# БИЛИМ - КИРЕШЕ









Жал айылы Айдеркен шаарчасынан анча алыс эмес, Кадамжай районунун эң тоолуу жагында жайгашкан. Деңиз деңгээлинен 2000 м. бийиктикте. Тамыры жемиш жашылчаларды өстүргөнгө берекелүү жер, мына ушундан жергиликтүү фермерлер күп гана пайдаланышат. Айдеркендин картошкасы жана сабизи Кыргызстанда гана эмес, көбүнчө коңшу Өзбекстанда кеңири белгилүү, бул жерде өстүрүлгөн айыл чарба продукциясынын дээрлик бардыгы ал жакта сатылат.



Бул жакшы го... Бирок «АйКОК» жергиликтүү айыл чарба кооперативинде абдан тынчы жок адамдар чогулган! Канча жылдан бери аларга өзүнүн органикалык эмес теңдештигине караганда органикалык жашылчаларды өстүрүүнүн пайдалуулугу жөнүндө качандыр бир уккан маалымат тынчтык бербей келет. Кеп “бүгүнкү” кирешеден деле эмес: тажрыйба айыл чарбасынын келечеги органикалык же аларды био же эко деп атаган продуктуларда экенин көрсөтүүдө. Демек, өзүнүн ишканасынын туруктуулугунун келечеги жөнүндө эмитен кам көрүү зарыл...Бул багыттагы башкы кыйынчылык тийиштүү билимдин жоктугунда болуп чыкты. Мына ушул тапта ПРООНдун “Кеңейген Европа: Борбордук Азиянын, Түштүк Кавказдын жана КМШнын батыш өлкөлөрүнүн соодасына көмөктөшүү” программасы жардамга келди. “ Билим – эң баалуу баа жеткис жардам, - деп белгилейт кооперативдин төрагасы Асанбай Жороев. – ПРООНдун тренинги жана консультациясы болбосо, өз талаабызда органиканы өстүргөнду билбей жүрө бермекпиз”. «АйКОК» кооперативинин бардык талааларында картошкадан гана 2 миң тоннага жакын өндүрүлөт. Түшүмдүн жарымы айдай турган материал катары сатылып, азык-түлүк картошкасынан 2-3 эсе кымбат баада кетет. Мындай көрсөткүчкө жетиш үчүн далай тер төгүүгө туура келди. ПРООНдун бардык семинарларынан алган билим атайын көрсөтмөлүү талааларда сыналып көрүп, аны кооперативдин мүчөлөрү өз жер үлүштөрүндө ыктыярдуу уюштурушту. Айдеркендик фермерлер эксперименталдык жол менен «Байкал М», «Фаравон» сыяктуу ж.б. органикалык жер семирткичтерди колдонуунун пайдалуулугун кадам артынан кадам менен биле башташты, колорад коңузу менен химикатсыз күрөшүүнү үйрөнүштү. “Кадимки которуштуруп айдоо бул жырткычтан кутулууга кепилдик берет”, - дейт кооперативдин мүчөсү Мурзарахим Айдаров бүгүнкү өз тажрыйбасынан бөлүшө. Бул күздө Айдаров агротехникалык эрежеге ылайык, өткөн жылы картошка айдалган талаасынан сабизден жакшы түшүм алды.



Картошка да, сабиз да органикалык. Көп жылдык тажрыйбасы бар фермер Мурзарахим-аке эгерде мурда өсүмдүктү кандыруу үчүн химиялык жер семирткичти колдонсо, азыр ПРООНдун тренингинен кийин 10 сотук жерине бир "Камаз" кык түшүрдү. Бир чети арзан дагы, бир чети пайдалуу дагы.

"Картошка өзүнүн жемиш тамырында сабагы менен жалбырагына караганда пайдалуу да, зыяндуу да нерселердин баарын кармап калат. Кирешенин аркасынан түшкөн фермерлер эмнеге гана барышпайт! "Көп учурда лабораториялык изилдөөлөр химикаттарды колдонгондон кийин картошкада аябай көп нитраттар, оор металлдар жана башка "соо эмес" элементтер болорун көрсөтөт, - дейт «АйКОКтун» активисти Зувридин Жалалов. – Биз фермерлерди кык, гумус, компост, «Байкал М» сыяктуу органикалык жер семирткичтерди колдонууга чакырып жатпайбызбы. Экологиялык таза продукт да аласың, кымбатка да сатасың, кыртышка да зыян келбейт, жер семирткичке да акча аз жумшайсың дейбиз". Жалалов өзүнүн "статусуна" карабай (кооперативдин башкармалыгынын мүчөсү, текшерүү комиссиясынын төрагасы) бул жылы органикалык продуктуну үндөө үчүн 15 сотук көрсөтмөлүү талааны өзү уюштурмакчы. Адамдар кадимки жана органикалык айыл чарба продуктусунун ортосундагы айырманы – акыркысы канчалык ооруга туруктуу экенин, сактоодо ашыкча түйшүктү талап кылбасын, даамынан алганда сапаттуулугун көрсөтмөлүү көрүүлөрү керек.

Айдеркендиктер картошканын түшүмүн экиге бөлүшөт. Ири жемиши – бул азык-түлүк айыл чарба продукциясы деп аталганы, базарда сатылат. Майда жемиши – себе турган материал, «АйКОК» мына ушуну менен таанымал. Үрөн канчалык сапаттуу болсо, ошончолук алардан мыкты азык-түлүк картошкасы өсүп чыгат. Ага ылайык фермерлер көп киреше алышат. "Үрөн издеп кайда гана барган жокмун! - Зувридин Жалалов "кооперативге" чейинки турмушун эскергенде үшүнтөт. – Ноокат, Ош, Алай – эч майнап жок. Ошол эле кезде биздин айылдан балдар ири, кооз картошканы өстүрүп жатышканын көрүп жаттым". Анан күлүп кошумчалайт: "Мына ошентип кооперативге кирүүгө туура келди!".

Бүгүнкү күнү «АйКОК» кооперативинин мүчөсү 50 киши. ПРООН менен кызматташтыктын натыйжасы: алар өстүргөн айыл чарба продукциясынын 30 пайызы – органикалык. Кардарлар үзүлбөйт,















адамдар биопродуктуну өстүрүү канчалык экономикалык пайдалуу экенин түшүнө башташты – базарда алардын баасы эки эсе жогору. Албетте, «АйКОКтун» үрөн картошкасы складда жатып калбайт: кардарлар Ноокаттан Баткенге чейин бардык аймактан келишет. Керектөө болсо, сунуш да болот демекчи, кооперативде органикалык продукцияны өндүрүүнү көбөйтүүнү чечишип, азыр жигердүү иштеп жатышат.

58 жаштагы Ахынбай Ташев «АйКОК» кооперативине мүчө эмес. Бирок, кесиби өзүнүн изин калтырганбы (математика мугалими), же кооператорлордун ийгилиги шыктандырганбы, Ахынбай-аке өзүнүн талаасында экологиялык таза жашылчаларды өстүрүүнү чечти. Бул жылы натыйжа күткөндөгүдөн да ашып түштү! Мол түшүм берекесин төктү. Эми ал кооперативдин дагы бир кызматынан пайдаланууну – ыңгайлуу учур (баасы чыккыча дей бер) келгиче алган түшүмүн кооперативдин сактоочу жайына коё турууну көздөп жатат. Сөз кезеги келгенде айта кетели, 500 тонна бата турган 500 кв.м. аянттагы сактоочу жай да ПРООНдун жардамынын жемиши. Бул жылы ал иштегенден берки үчүнчү кыш болот, эл бул абдан пайдалуу болоорун билип, анын кызматын жакшы эле пайдаланышууда.

Кооперативдин азыркы төрагасы Асанбай Жороев анын негиздөөчүлөрүнүн бири болуп саналат. 2005-жылы 18 кишиден турган демилгелүү топ түзүп, азыркы учурда бул санды эки эсе көбөйттү. Бирок «АйКОКтун" мүчөсү болуу жеңил эмес! "Башкалар шаардын чекесинде болгондо тоолор жана булуттарга сукташышса, биз талаалар менен гана сукгтанабыз, - деп тамашалайт ал. – Бул жылы фермерлер эмнени отургузушту, качан сугарышты, жер семирткичти качан чачышты ж.б. карайбыз. Дайыма көзөмөл болот. Уставды бузгандар боло элек. Биздин фермерлер абройлорун бийик тутканга аракет кылышат. Анткени «АйКОКтун» продукциясынын сапатына адамдар ишенишет!".


## «АйКОК»

**Айыл чарба кооперативи**
Дареги: Баткен облусу,
Кадамжай району, Жал айылы

тел.: + 996 (772) 884670

e-mail: aykok@list.ru






# ТЕҢ УКУКТУУ БИЗНЕС











Имарали Балкыев – Баткен облусундагы айыл чарба кооперативдеринин эң алгачкы жетекчилеринин бири. Ал жетектеген “Таш-Бий” кооперативи 13 жыл мурун түзүлгөн. Ошол мезгилден бери кооперативдин мүчөлөрүнүн саны өзгөргөн жок - 72 киши. Алардын бардыгы ар кыл айыл чарба продукцияларын өндүрүү жана сатуу менен мээнеттенишкен Кадамжай районунун Көк-Талаа айылынын жашоочулары.

Көк-Талаа төмөндө жайгашкан, мындай ыңгайлуу жайгашуу Кыргызстанда анча деле көп учурай бербейт. Бул жердин бөтөнчө климаттык шарты өсүмдүктүн кайсы түрүнөн болсо да түшүм алууга ыңгайлуу. Өзгөчө бакчылык үчүн табылгыс. Алча, шабдалы, кара өрүк, өрүк сыяктуу күндү сүйгөн жемиш бактары күн нуруна аябай эле чайынышат. Бул жактык фермерлер берекелүү түштүктүн жемишинен жылына эң алгачкылардан болуп Кыргызстандын борбору Бишкектин жашоочулары ооз тийишет деп мактанып калышат. Ширелүү жемиштерди өстүрүүнүн экономикалык пайдасын ушундан көрсөк болот, азыркы учурда кооперативдин жалпы жеринин дээрлик 30%ынан 200 га бакчылыкка бөлүнгөн.



Бирок «Таш Бийдин» фермерлеринин продукциясы ушунчалык назик, көпкө сактай албайсың. Түшүмдү жыйноодо не бир кылдаттыкты жана сатып алуучу чыккыча аны ошол бойдон сактап турууга өзгөчө шартты талап кылат. Ал турсун бейгам совет маалында деле жергиликтүү багбандар өзүнүн товарын базарга кенемтесин кемитпей жеткириш үчүн укмуш тапкычтыкты көрсөтүшчү. Азыркы болжоп болбой турган, мезгил тез адымдаган, бакыт кушу оңой менен колго конбой турган заман жөнүндө нени айталы! Кооперативде жакынкы эле окуяны, чоң жол эки күн жабылып калганда 3 тонна өрүктүн бүтүндөй “күйүп” кеткени эстеринен чыга элек...



Мындай жол болбой калган учурлар мурда деле болчу, бирок бул окуя Имарали Балкыевди ушундай кырдалга түшүкпаш үчүн эмне кылыш керек тууралуу катуу ойлонтту. Анын көңүлүнө ишмердигинин багыттарынын бири – баткендик фермерлердин бизнес-долбоорлорун колдоо болгон ПРООНго кайрылуу идеясы келди. Муну менен бирге Балкыевдин демилгесин анын кооперативинин мүчөлөрү гана эмес, “Келечек” өз ара жардамдашуу ассоциациясы да колдору белгилүү болду!

Аты эле айтып турган "Келечек" өз ара жардамдашуу ассоциациясында негизинен аялдар. Баса, дал ошолор 2009-жылы биригүү сунушу менен чыгышкан. Адегенде өз жардам кассасын уюштуруу менен жеке турмуштарын оңдосок деген жөнөкөй эле максат болчу. Бирок ийгиликке жетишкен соң кыйла батыл кадам жасашты: анча чоң эмес тигүү, кондитердик азыктарды чыгарган цехтерди уюштурушту. Аялдардын жигердүүлүгү эркектердин көңүлүн гана бурбастан, аларды ассоциациянын катарына тартты. 2009-жылы алардын мүчөсү 29 болсо, учурда 80ге чейин жетти. Анткен менен аялдар демилгесин колдон тарттырып жиберишкен жок, ассоциация уюшулган күндөн ушул кезге чейин анын алмаштыргыс лидери болуп Абиба Нурматова келатат. Ал бүгүн өздөрү биргелешип түзгөн «Таш Бий» жана «Келечек» өз ара жардамдашуу тобунун ассоциациясынын жемиштер үчүн сактагычты башкаруу боюнча бизнестин теңжетекчиси болуп саналат.



ПРООНдун "Кеңейген Европа: Борбордук Азияда, Түштүк Кавказда жана КМШнын батыш өлкөлөрүндө соодага көмөктөшүү" программасынын 1 млн. 410 миң сом колдоосу аларга ар бирине 35 тонна сыя турган муздаткыч контейнерлерди сатып алууга жардам берди. Өздөрүнүн 520 миң сом каражатына сактагыч үчүн павильон курушту, коммуникация киргизишти, уруксат берген зарыл документтерди даярдашты. "Контейнерлердеги компьютер айыл чарба продукциясынын кайсы гана түрү болбосун сактоо үчүн кыйла оптималдуу шарттарды түзгөнгө мүмкүндүк берет. Мисалы, өрүк үчүн бул - Цельсий боюнча +2 градус, а алма үчүн +1", - дейт сыры менен бөлүшө Базарбай Калмаматов, ага электр жабдууларынын ишине көз салуу милдети жүктөлгөн.



Биринчи эле кышта сактагычты пайдалануудан пияздын жана сабиздин көп түшүмү жаңы бойдон сакталып, чоң пайда алууга мүмкүн болду. Бул жылы да сактагычты пайдалануу натыйжасын көпкө күттүрбөдү: кооперативдин мүчөлөрүнүн бакчылыгынан жыйналган 18 тонна алчанын баасы контейнерде сакталган 20 күндүн ичинде килограммы 80 сомдон 130 сомго чейин өстү! Бул долбоор дал ушундай натыйжага жетүү үчүн ойлонулбады беле. Аты уйкаштар, «Келечек» өз ара жардамдашуу ассоциациясынын бухгалтери Базарбай Тойчиевдин жана окурмандарга аты тааныш «Таш-Бий» кооперативинде электрик гана эмес, бухгалтер да болуп иштеген Базарбай Калматовдун кош көзөмөлдүгү алдында экономикалык пайда эсептелип турат. Жалпысынан айтканда бизнести биргелешип башкаруу тең укуктуулукка жана ачык-айкындуулукка негизделген. Коомдук көзөмөл да катуу - үч кадырлуу аксакалдар - Раимберди Ташев, Толубай Жалалов жана Беккелди Кадыровдун сөзүн эки кылышпайт. Сабыр Нурматов объектти абдан кайтарат, ал турсун баарын билүүгө кызыкдар журналистти да ал жакка баш бактырбайт, жемиштер бузулбас үчүн температуранын режимин бузганга болбойт. Ал жерде 30 тонна алма сакталуу.





Көк-Талаада ушул жетишкендик менен токтоп калгылары келишпейт. "Электр жарыгы өчүрүлгөндө сактагыч 10 саат бою белгиленген температураны кармап тура алат. Ошого карабастан, ар кандай кырдаалдар болушу ыктымал. Андыктан бизнестин толук туруктуулугу үчүн бизге автономдуу трансформаторлор жетишпейт" , - дешет биргелешкен планды талкуулаша Имарали Балкыев жана Абиба Нурматова. Алар биргелешип ички мүмкүнчүлүктөрүн таап жатышпайбы. Коюлган милдеттерди да биргелешип чечишери байкалып турат...

Ал ортодо жемиштерди сактагыч аны курушкан коомчулуктун жыргалчылыгына толугу менен иштеп жатат. Алардын бири – карапайым айылдык мугалим Сейдимар Абжапаров бул жылы өзүнүн 40 сотух бакчылыгынан шабдалынын "Кызыл Москва" сортунан жаман эмес түшүм – 13 тонна алып отурат. «Таш Бий» кооперативине мүчө укугун колдонушуп, Сейдимар жубайы Саламат менен бирге жемиш сактагычтын кызматынан пайдалана алышты. Муздаткыч контейнерине коюп жатышканда шабдалынын килограммынын баасы 25 сом болчу. Абжапаравдор дүң баа көтөрүлүп кеткиче 20-25 күн күтүшүп, өздөрүнүн түшүмүн 35 сомдон сатышты. Сактоого кеткен чыгымды алып салганда 120 миң сом таза киреше табышты!



Ал эми жалпы жамаатчылыктын эки жылдын ичинде жемиштер жана жашылчаларды сактагычты пайдалануудан тапкан киршеси бир миллион сомго чейин жетти... А бул башталышы гана!

## «Таш Бий»

**Айыл чарба кооперативи**
Дареги: Баткен облусу,
Кадамжай району, Көк-Талаа айылы
тел.: + (996) 778 79 75 80,
+ (996) 777 71 01 93, + (996) 555 00 30 09
e-mail: durus82@mail.ru






# КЕЛЕЧЕК-ОРГАНИКАДА










“Биздин фермерлердин катачылыгы сапатсыз продукция чыгарып жатышкандыгында, аларды азырынча сатып алып жатышат дечи. Бирок бир аз мезгилден кийин базар кыйла жогорку сапаттагысын талап кылары бышык. Ушундай өндүрүштү жолго коюу зарыл, азыр ага убакыт бар”, - деп эсептейт органикалык кургак жемиштерди чыгарууга адистешкен “Акчечек” айыл чарба кооперативинин төрагасы Муса Нишанов.

Баткендин сыймыгынын жана баткендик фермерлердин башкы продуктусунун энциклопедиялык маалыматы сезимге жарды: “Баргек – кургатылган өрүктүн жемиши. Кургак жемишке кирет. Ири сортун сөөгү жок кургатышат, өрүк деп аталган майда сортун сөөгү менен кургатышат. Өрүк ынак жемиш катары өтө жогору аш болумдуулук баалуулукка ээ”. Адистер аш болумдуулук баалуулукту өрүктү кургатууда көпчүлүк витаминдердин жана микроэлементтердин сактап калышы деп түшүнүшөт: баргекте (курага) калий, органикалык кислота, каротин, фосфор, кальций, темир, витамин 5В көп. Бүткүл дүйнөдө ал жүрөктү чыңдоо, гемоглобинди көтөрүү каражаты катары белгилүү.

Базарларда коюлган баргектин көбү күкүрт диоксидинин жана башка консерванттардын уулуу органикалык эмес кошулмасын пайдалануу менен даярдалат. Анын натыйжасында бул кургатылган жемиш жагымдуу, ачык сары-кызгылт сары түстү сактайт. Узак колдонууда күкүрттүн диоксиди организмде топтолот жана ушул аллергенге сезимтал адамдын өпкөсүн, бронхасын жабырлантып, аллергия, астма чакырат. Ырасын айтканда мындай адамдар дүйнөнүн жалпы калкынын болгону 1%. Дагы бир чындык, күкүрттүн диоксидин продуктудан кадимки эле жылуу иштетүү менен кетирсе болот, б.а. колдонордун алдында баргекке кайнак сууну 5-10 мүнөт куюп коюу жетиштүү. Ошого карабастан акыркы кезде органикалык же чыныгы деп аталган баргек улам барган сайын популярдуу болуп баратат. Мындай продукт күкүрттүн түтүнү менен иштетилгенге караганда көрксүз, бирок жаркыраган жана сары баргектен даамы таттуу. Ушундан улам экологиялык таза деп эсептелет, анын баасы базарда бир топ жогору.

Мына ушуга алар түзгөн кооперативдин төрагасы Муса Нишанов жана анын ынанымын кошо бөлүшкөн жыйырмадай тарапташтары кам көрүшүүдө! Өзүнүн биринчи кесиби мугалим болгондуктанбы, Нишанов Баткенде биринчи кезекте кургак жемиштерди өстүрүү менен алектенген фермерлердин аң-сезимин көтөрүүдөн баштоо керектигин айтат. Ишти билгенден айтып жатат да, анткени “Акчечек” кооперативинде бул жаатта тажрыйба бар.

Себеби адегенде кооператив негизги ишмердиги катары үрөнчүлүк багытты тандап алган – картошканын үрөнүн өстүрүү менен алектенишкен. Анда фермерлер сапаттуу органикалык продуктуну өстүрүүнүн пайдасын түшүнүүлөрү үчүн көп эмгектенүүгө туура келди: тренингдин артынан тренинг өткөрүштү, көрсөтмөлүү талаа уюштурушту...Жыйынтыгы мынакей, “Акчечектин” картошкасы казылып алынгыча эле сатып алып коюшат, эл анын сапатына ушунчалык ишенишет. “Фермерлер азыр башкача ойлонушат, - деп белгилейт Нишанов. – Сапат жерден башталарын түшүнүшөт”.



Анткен менен бизнестин мындай түрүн көбөйткөнгө бул жерде жер көп эмес, ошол себептен башка багытты издөөгө туура келди. Жергиликтүү базарды иликтеп көрүшсө, өрүктүн данеги арзан болуп чыкты, аны менен олутту эч ким алектенбейт экен, ушундан улам товарды болбогон баада коңшу Тажикстандын алып сатарлары алып кетишери көрүндү.



Муну менен бирге айтылуу баткен өрүгүн майда таңгактоо жетишпеси билинди. Кооперативде ушул боштукту ээлеп калууну чечишип, ылдам аракеттене башташты. Бир жылдан бир аз ашык иште ар биринде өзүнүн товар жана анын өндүрүүчүсү жөнүндө маалыматты алып жүргөн жекече штрих-коду менен 10 аталышка жакын продукцияны өндүрүү жолго коюлду. Кургак жемиштердин биринчи эле сынамык чыгарылган 500 кг. Бишкек менен Оштун дүкөндөрүнөн бат эле талап кетишти. Азыркы учурда кооперативдин продукциясы жолго коюлган дистрибьютордук каналдар аркылуу Кыргызстандын көптөгөн шаарларынын соода түйүндөрүнө такай түшүп турат. Соода коюсунун көлөмүн көбөйтүүгө ПРООН тараптан колдоосу жардам берди.

Кооператив бир жылдан ашык өрүктүн сөөгүн чагуу, данегин кууру жана таңгактоо боюнча линияны иштетип келет. Өздөрүнүн күчү менен мындай жабдууну кооперативдин мүчөлөрү сатып ала алышмак эмес, бул ПРООНдун “Кеңейген Европа: Борбордук Азиянын, Түштүк Кавказдын жана КМШнын батыш өлкөлөрүнүн соодасына көмөктөшүү” программасынын жардамы менен гана мүмкүн болду. Технологиялык линиянын баасы – жалпы наркы 1 млн. 946 миң сом турган 75% ПРООН менен биргелешкен долбоор. 25% өздүк салым: линияны орнотуу үчүн имараттын цехин куруу, сууну жана электр жарыгын алып кирүү ж.б. Цехтеги “Сөөк боюнча башкы” – 23 жаштагы Айбек Токтомушев да кооперативдин мүчөсү. Жалпысынан цех төрт кишини жумуштуу кылды. Айбектен сырткары бул үч күлкүчү кыздан турган аялдар бригадасы – Айзада Амиралиева, Ашир Нишанова, Мавлюда Кочкорова.





Цех – “Акчечек” кооперативинин ПРООН менен кызматташуусунун бир гана бөлүгү. Тилекке жараша анын төрагасы тарабынан органикалык продуктуларды өстүрүү боюнча көптөгөн окуу тренингдери уюшулган жана өткөрүлгөн. Кооперативдин 26 мүчөсүнүн ичинен 20сы ушул максатта атайын чыгарылган окуу брошюрасы боюнча жаңы билим жана ыкма алышты. Эми билимге ээ болгон алар өрүктүн сөөгүн, мисалы косметикалык же тамакты кайра иштетүүчү өнөр жайы алыш үчүн аларда күкүрттүн болушун аябай азайтканга жетишүү зарылдыгын айтышууда. Англия жана Германияда - 2000 промилл (ppm), Дания жана Францияда – 1000, Италияда - 600, а Австрияда – 200 гана күкүрт маңызы болушуна жол берилерин билишет. Баткен сөөгүндө азырынча күкүрт 3000дин тегерегинде. Демек, алдыда дагы иштер көп. “Көп окуу керек, анткени азыркы рынок билеселүү фермерлерди талап кылат”, - дейт Муса Нишанов. Кургак жемишти өндүрүүдө иштешкен дагы 40 фермерди окутуу үчүн мүмкүнчүлүк табууну кийинки пландарына коюшууда.



Айтмакчы, ПРООН тажик кайра иштетүүчүлөрдүн тажрыйбасы менен алмашуу боюнча баткен фермерлери үчүн такай сапар уюштуруу менен алардын кесиптик деңгээлдерин жогорулатуу жаатында жардам берип келет. “Акчечек” кооперативинин мүчөлөрү өздөрүнүн мекендештеринин катарында коңшу өлкөгө нечен жолу барышып, кургак жемиштерди кайра иштетүү боюнча ишканалардын ишмердиги менен таанышышты, биргелешкен экспорт, анын ичинде органикалык продукциянын экспорту маселелери талкууланган тегерек үстөлдөргө жана жумушчу семинарларга катышышты.




Ошентип, “Акчечек” дагы да өзүнүн алдына кыйын милдетти – өндүрүштү жолго салууну, органикалык кургак жемиштерди кайра иштетүүнү жана сатууну койду. Кыйын дегенибиз, табигый продуктту табуу кыйын, ал үчүн бул багытта атайын иштеген фермерлердин бүтүндөй катары пайда болушу керек. Бир гана сатып-өткөрүү боюнча өзгөчө маселенин жоктугу көңүл көтөрөт. Бирок жетишкендик менен токтоп калбоону чечишти. Кооперативдин планында – өндүрүштүн көлөмүн көбөйтүү, чыгарылып жаткан продукциянын ассортиментин кеңейтүү, аны сатуу үчүн жаңы каналдарды табуу бар.

## «Акчечек»

**Айыл чарба кооперативи**
Дареги: Баткен облусу,
Баткен району, Жаңы-Жер айылы
тел.: +996 (778) 103867
e-mail: Nishanov.musa@mail.ru



# ЖАРНАМА СООДАНЫ ИЛГЕРИЛЕТЕТ













Баткен облусу үчүн Баткен Маалымат-Маркетинг Борбору кандай мааниге ээ экенин айтууда жакынкы мезгилге кайрылуу зарыл. Аны түзүү идеясы айыл чарба продукцияларын өндүрүүчүлөр, ортомчулар жана кайра иштетүүчүлөр ортосунда ишкер байланышты жөнгө салуу боюнча семанарларда жана тегерек үстөлдөрдө далай ирет эле айтылчу. Андыктан, Баткен облусунун мамлекеттик администрациясы облустун көптөгөн тургундарынын кызыкчылыгын эске алып, “Баткен облусун комплекстүү өнүктүрүүнү” ПРООНдун программасына өзүнчө пункт менен киргизүүнү демилгеледи. Андагы иш биринчи кезекте жергиликтүү фермерлердин жана фермердик бирикмелердин продукциясын алдыга жылдырууга, айыл чарба продукциясынын базарындагы өзгөрүүлөр жөнүндө ыкчам маалымат алууга, өндүрүш каражаттарына жана жабдууларга жеткиликтүүлүктү кеңейтүүгө өбөлгө болмок. 2009-жылы Баткен Маалымат-Маркетинг Борбору Коомдук фонд катары түзүлдү, аны алты айыл чарба жана товардык-сервистик кооператив, Айылдык консультациялык кызмат, “Активист” өкмөттүк эмес уюму уюштурушту. ПРООН алардын демилгесин колдоп, өзү тараптан Борборду эмерек, оргтехника, адистештирилген китепкана менен жабдып берди. Ошондой эле ПРООН тарабынан веб-сайттын иштелип чыгышына жана “Бат-инфо” маалыматтык бюллетенинин чыгарылышына жардам көрсөтүлдү.

2009-жылы Бекболот Мадымаров Баткен Маалымат-Маркетинг Борборун негиздөөчүлөрдүн бири катары жөнөкөй адис болчу. Бир жыл мурун директордун ордуна отурду, ал буга борборду кантип өнүктүрүү тууралуу менеджердик бай тажрыйба топтогондон жана жаңы толгон-токой идеяларга ээ болгондон кийин келип отурат. “Албетте, биринчи кезекте биз кооперативдин – уюштуруучулардын продукциясын алдыга жылдырууга аракеттенебиз, - дейт ал. – Бирок муну менен бирге бизге ар бир кардар кымбат, анткени кичинекей заказ да бизди көздөгөн максатка – өзүн өзү каржылоого өтүүнү жакындатат”. Мына ошондуктан, мисалы автомашинасын сатуу жөнүндө кулактандыруу берүү үчүн келген Баткендин тургуну Каныбек Ахмедов сыяктуу кайсы гана келүүчү болбосун каалап-күткөн мейман. Калктан кулактандырууларды кабыл алуу боюнча консультант Эркайым Ураимжанова аларды өтө көңүл буруу менен угуп, заказдарды кабыл алып турат. Баткен шаарынын азык-түлүк базарынын сатып алуучулары жана сатуучулары Борбордун радиотүйүнүнөн анын ишенимдүү жана жай үн менен базардын эң акыркы жаңылыктарын айтканын укканга көнүп калышты. Борбордо каражатка жараша жашоону чечишип, Эркайымга сатуу боюнча консультант жана дикторлук гана эмес, ошондой эле бухгалтердин жана кассирдин милдетин да жүктөшкөн. Бирок иштин көптүгү кыздын маанайын гана көтөрөт. Анткени Баткен гуманитардык-экономикалык колледжин бүтүргөндөн кийин эле Маалымат-Маркетинг Борбору – бул анын биринчи иш орду болуп калды.

Баса, эмне үчүн азык-түлүк базары жөнүндө сөз козголуп калганын түшүндүрүү зарыл. Бардыгы жөпжөнөкөй

– Борбордун максаттарына жана милдеттерине ылайык, сатып алуу жана сатуучу топтошкон жерде, атап айтканда аны базарда жайгаштыруу жөндүү болмок. Жумасына үч базар күнү эле Баткендин азык-түлүк базары ар кыл айыл чарба товарларын саткан миңдей сатуучуну топтойт. Бул жерге бүт Баткен районунан гана эмес, ошондой эле коңшу Тажикстан жана Өзбекстандан да сатуучулар менен сатып алуучулар келишет! Алардын көбү маалыматты таратуу кызматына муктаж. "Товарларды, мүлктү сатуу жөнүндө кулактандыруудан сырткары бизге башка өтүнүчтөр менен, мисалы буюмдарын жоготкондугу тууралуу да кайрылышат, - дейт Эркайым. – Аларга үнду бийик чыгаруучунун жардамы аркылуу жардамдашууга туура келет". Кыймылсыз мүлктүн баасын сурашат, мейманкана издешет, окуу жайлары тууралуу маалыматты билишет... "Сиздин акчаңызга эмне десеңиз ошону аткарам – мен өзүмдүн ишимди ушинтип атайм, - деп күлөт Борбордун кызматкери Дыйканбек Умаров. – А олуттуу айтсак, биздин Борбор сатуучу менен сатып алуучуну бири бири менен кездештирип, баа жеткиз жардам көрсөтөт. Базар күнү кулактандыруулардын саны жүзгө чейин жетет: адамдар түздөн түз Борборго келишет, телефондон чалышат, электрондук дарекке жазышат".

Дыйканбек 29 жашта, милиционердин окуусун окуган. Анан ал бир күнү укук коргоо органдарында иштөө анын иши эмес экенин түшүндү. Азыр ал – кыймылсыз мүлктү сатуу боюнча адис, өзүн бактылуу сезет, Борбордун келечеги жакшы болоруна ишенет. "Биздин кабинет кичине экен дебеңиз! Бул жерде көп иштер жасалат!" – дейт үнүн бек чыгара коомдук тартиптин сакчысы болбой калган Дыйканбек. Анын баамында Борбор – бүткүл маалымат агылып келген жер. Ал эми кандай гана ишкана болбосун ийгилик үчүн эң маанилүү нерсе – бул заманбап, керектүү жана пайдалуу маалымат.

Маалымат-Маркетинг Борбору – бул мүмкүнчүлүктөрдүн борбору болуп калууда, анткени бүгүнкү күн сатуу-сатып алуу жана жер участокторун ижарага берүү, бакчылык, кыймылсыз мүлктүн башка түрлөрү; өндүрүүчүлөр, кайра иштетүүчүлөр жана сырье жана даяр айыл чарба жана өнөр жай продукцияларын, товар, техника, жабдууларды коюучулар; сервистик жана маалыматтык кызмат көрсөтүүлөр, башка жарнамалар боюнча эң кеңири маалыматтык базага ээ болуп саналат.


2010-жылдан тарта Борбор ПРООНдун "Кеңейген Европа: Борбордук Азиянын, Түштүк Кавказдын жана КМШнын батыш өлкөлөрүнүн соодасына көмөктөшүү" дагы бир программасы менен колдоого алынууда. Жаңы долбоордун алкагында Борбор веб-сайт менен модернизация болуп, кошумча жабдуулар берилген, аны пайдалануу максаттуу аудиториянын кеңейишине мүмкүндүк түздү. Дал мына ушул базарда орнотулган өзүнө үн жазуучу аппарат, компьютерлерди жана репродукторлорду камтыган жабдуунун жардамы менен Эркайымдын үнү аркылуу сатуучулар жана сатып алуучулар өздөрүнө керектүү маалыматты алышат.











Анткен менен Борбордун арсеналында бул керектөөчүгө маалыматты жеткирүүнүн жалгыз жолу эмес.

Рыноктук веб-сайт эл аралык маалыматтык-рыноктук системага ийгиликтүү иштеп жана интеграция болууда. Анын базасында соода форуму уюшулган, эми мобилдүү интернет же уюлдук телефон аркылуу сайтка кирүү менен биринчи колдон деп аталган маалыматты алууга болот.

Базар жаңылыктары жарыяланган "Бат-инфо" мезгилдүү басма сөз бюллетенинде окурмандар тармагы кеңейүүдө. Ушул тапта анын 250 жазылып окуган окурмандары бар, бюллетенди ошондой эле ар кыл гезиттерге жазылышкан почта кызматынын кардарлары да алышат, анткени почта бөлүмдөрүндө "Бат-инфо" акысыз тиркеме катары коштолуп берилет. Планда электрондук жазылууну жолго коюп, керектөөчүлөрдүн санын көбөйтүү бар. Борбордун жамааты келечекте дымактуу каалоо – "Бат-инфону" Бишкектеги "Вечерний Бишкек", Оштогу "Ош-Парк ж.б.у.с. жарнамалык басылмаларга айландырууну пландап жатышат. Мындай басылма азырынча Баткенде жок.


Дагы шаардын күн сайын иштеген буюм саткан базарында үч үнду катуу чыгаруучу коюу планда бар. Жалпысынан айтканда Борбордун жамааты каражат иштеп табуунун улам жаңы-жаңы ыкмаларын ойлоп табышууда. "Биз азыр эле өзүбүздүн бардык чыгымыбызды жаап жатабыз деп эсептесек болот. Бирок биздин кыска мөөнөттүү максат – жылдын аягына чейин бүтүбүздөн бекем туруу, б.а. ПРООН тараптан колдоо аяктаган мезгилге чейин",- дейт өздөрүнүн планы менен бөлүшө Бекболот Мадымаров.

Борбордун жамаатынын өзгөчө сыймыгы ортомчу катары кардарларды, соода өнөктөштөрүн табуу, соода келишимдерин түзүү жана экспорттук документтерди жасоо болуп саналат. Дагы Борбордун базасында биринчи жолу Баткенде кыймылсыз мүлк боюнча, албетте бул жаатта кесипкөй консультацияларды калкка сунуш кылуу менен агенттик пайда болууда.

...Жумушчу күндүн аягында Борборго Баткендин жашоочусу Дилбар Манасова баш бакты:"Силердин маалыматтык тактаңарды көрүп калдым. Жакшы иш жасап жатыпсыңар". Улгайган аял чыгыш салты боюнча өзүнүн батасын берди. Мына ушинтип, кичинеден калк арасында кадыр-барк күтүү Баткендин Маалымат-Маркетинг Борборунун өзүнүн бизнесин өнүктүрүү ишиндеги маркетингдик жүрүшү...


**Баткен**
**Маалымат-Маркетинг Борбору**

**Дареги: Баткен облусу,**
**Баткен шаары, Т.Садыков көч., 1А**
**Тел.: +996 (3622) 51762, +996 (772) 060000**
**E-mail: batken.imc@rambler.ru**
**website: www.batken.agroinfo.kg**


ӨЗБЕКСТАН
Баткен Маалымат-Маркетинг борбору
«Баткен жемиши» айыл чарба кооперативи
«Акчечек» айыл чарба кооперативи
КЫРГЫЗСТАН
Баткен ш.
БАТКЕН ОБЛУСУ
«Таш Бий» айыл чарба кооперативи,
«Келечек» өз ара жардамдашуу тобунун ассоциациясы
«Молдо Зикир» айыл чарба кооперативи
«АйКОК» айыл чарба кооперативи
ТАЖИКСТАН




Аткаруучу: **ОсОО «FNT-Consultants»**

Автор жана редактор: **Нурия Иманкулова**

Дизайнын жана верстканы иштеп чыккандар: **Айбек Чакиев, Айсулуу Чаканова**

Кыргызчага которгон: **Бермет Маткеримова**

Сүрөттөр: **Нурия Иманкулова**